Педагогикалык кенеш тарабынан кабыл алынган БЕКИТЕМИН: А. Жапанов

Буйрук №47 мектеп директору

«14» декабрь 2022 ж.

Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектебинин түрткү берүү эмгек акы фондусун бөлүштүрүү жөнүндө

ЖОБО

1. Жалпы бөлүк

Ушул Жобо мектептин кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүнүн тартибин, түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө катышкан билим берүү процессинин катышуучуларынын тартибин аныктайт, Жобого мугалимдердин жана башка кызматкерлердин эмгегине баа бериши жааматтын жалпы чогулушунда кабыл алынган индикаторлорунун тизмеси тиркелет.

Мектептин эмгек акы фондусунун түрткү берүүчү бөлүгү кызматкерлердин арасында эмгектик катышуу упайлардын негизинде болуштүрүлот. Эмгектик катышуу упайлары жамааттын ар бир мүчөсүнүн мектептин ишинин жыйынтыгынын натыйжаларына кошкон жеке салымына объективдүү баа берилишин чагылдырып турат. Билим берүүнүн мыктысы наамы бар мугалимдерге упайлар кошулат.Олимпиадага катышып байгелүү орундарга ээ болсо, шаардык, райондук семинарларды өткөргөн учурда упайлар административдик кенешменин чечиминин негизинде берилет. Сабакты себепсиз калтырган мугалимге жана адинистрациялык жаза алган мугалимге тургку беруучу телем каралбайт. Ушул жобо мектептин кызматкерлеринин окуу- тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуудагы чыгармачыл активдүүлүгүн жана демилгесинин онугуусунун жүйелөрүн күчөтүү максатында иштелип чыккан документ болуп эсептелет.

2. Билим берүү процессинин катышуучуларынын милдеттери.

Педагогикалык персоны:
Жеке жетишкендиктеринин портфолиосун калыптандырат.
Өз ишине оз штадына баа берүүнү жузого ашыра озүнүн эмгек паспортун алдын ала толтурат.
Толтурулган эмгек паспортун методикалык бирикмешин эмгек паспортторун толтуруу боюнча комиссияга берет.

Мектептин методикалык бирикмелеринин эмгектик паспортторун толтуруу боюнча комиссиясы:
Мугалимдин эмгектик паспортун кабыл алат, изилдеп чыгат, талкуулайт, толуктоолорду киргизет.
Мугалимдин ишинин натыйжалуулуттнун жана сапатынын ар бир индикатору боюнча упайларды белгилейт;
Иштин натыйжаларына баа берүү протоколун жазат жана мугалимдин ишинин натыйжалуулугуна жана сапатына баа берүү таблицасын толурат.
Мектептин эксперттик комиссиясы:

Мугалимдердин ишинин упайларын белгилейт.

Метод бирикменин ишинин натыйжаларына баа берүүчү мугалимдердин баалама барактарын кабыл алат.

Зарыл учурда коюлган упайлардын иш жүзүндөгү натыйжаларга ылайык келишин белгилейт, айрым мугалимдердин упайларын төмөндөшү же жогорулатуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Мектептин ар бир педагогу боюнча упайлардын өлчөмдөрүн мектептин директорунун бекитишине берет.

Мектептин кызматкерлерине алардын ишине баа берүүсүнүн натыйжалары жөнүндө маалымат берет.

Мектептин эксперттик кеңеши :

Кызматкерлердин өзүнүн ишинин натыйжаларына берилген бааларга макул эместиги жөнүндөгү жазуу жүзүндөгү арызын кабыл алат жана упайлар жөнүндөгү чечими кабыл алынгандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде каралат.

Кызматкерлердин ишинин натыйжаларына берилген бааны өзгөртүш же өзгөртпөш калтыруу жөнүндө 5жумуш күндүн ичинде негизделген чечим чыгарыт. Мектептин директоруна эксперттик кеңештин чечими берет.

Мектептин директору :

Ушул жобону мектептин эксперттик комиссиясы жөнүндө жобону, ММБ комиссиясы жөнүндөгү жобону, документтерди эсепке алуу жана сактоо жөнүндө жобону бекитет;

Мектептин экспертгик комиссиясынын корсотүүсү боюнча ММБ үчүн эмгекти катышуунун упайларынын өлчөмүн бекитет

Административдик персоналдын ишине баа берет жана чарбалык бөлүк боюнча орун басары менен биргелешип мектептин окуу-көмөкчү чарбалык персоналынын ишине баа берет,

Мектептин кызматкерлерине упайларды белгилөө жөнүндө буйрук чыгарат.

Милдеттүү:

Иштин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн түрткү берүүчү төлөмдөрдү бөлүштүрүүдө ченемдик жана локалдык актылардын талаптарын сактоого милдеттүү.

ММБнин эксперттик комиссиясынын эксперттик кеңештин укуктары жана милдеттери мектептин локалдуу актылары тарабынан аныкталат.

ЖОБО жалпы мектеп кызматкерлеринин чогулушунда кабыл алынды.